**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXIII–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 19-май айы №109**

**Балыкчы шаарынын аймагында органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн өткөрүү боюнча иш-чаралар планы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 11-февралы № 40 Жарылыгын ишке ашыруу максатында, Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 14-апрелиндеги №01-13/1441 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Балыкчы шаарынын аймагында органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн өткөрүү боюнча иш-чаралар планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

3. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, көчүрмөлөрү: мэрия-1, ММК-1, мам.каттоо-1